# «КУТАДГУ БИЛИГДЕ» ТҮРК–ИРАН САЯСАТ ТЕОРИЯСЫ ЖАНА САЛТТАРЫ

**Халил ИНАЛЖЫК**
Билкент университети, Экономика, башкаруу жана гуманитардык илимдер факультети, Тарых бөлүмү, Анкара

Түрктөр ислам маданиятын өздөштүргөнгө чейин эле төл жазма булактарга бай болгон. Ал булактар–уйгур доорундагы түркчө тексттер. Арийне, Караханий мамлекетинин билимдүүлөрү ислам маданиятын өздөштүрүү менен бирге уйгур маданиятын да унутушкан эмес, анын салттарын улантышкан.

Уйгур жана караханий маданиятын түрк илимине ачып берген, ошону менен азыркы түрк маданиятынын өз негиздерине таянып кай–радан жанданышына жана өнүгүшүнө түрткү берген илимпоз Решит Рахмети Арат (*Reşit Rahmeti Arat*) болгон. Ал түрк элдеринин өздүк мурастарынын эң мыктысы «Кутадгу билигдин» (*Kutadgu Bilig*) текстин жана анын азыркы түркчө котормосун да бастырып чыгарган. Р. Р.Арат андан мурда В. Вамбери (*W. Wambery*) жана В. Раддов (*W. Radloff*) көрбөгөн тексттерди да колдонуп, батыштын филологиялык методдорун пайдалануу менен өрнөктүү бир шекилде жарыялаган, анын түрк маданият тарыхын изилдөөнүн пайдубалын жаратканы шексиз. Ал кириш сөзүндө (*Kutadgu Bilig*, II, котормо, VIII б): «Жусуп Баласагын чыгармасында түрк тили, адабиятынан тышкары түрк коом түзүлүшү, түрк тарыхы жана орток түрк маданият тарыхы менен иштегендер да өз тармактарына тиешелүү көптөгөн жаңылыктарды таба алышат» деп жазган. Решит Рахмети Арат чыгармада коңшу элдердин маданият–тарынын жаңырыктарын анализдөөгө (текстI, XXI б) ниеттенген, бирок шум ажал ага мүмкүндүк бербеди.

Улуу түрк окумуштуусу, ардактуу агайыбыз Решит Рахметинин унутулгус элесине арналган бул чакан макалада ал жарыялаган «Кутадгу билиг» текстине таянып, андагы индия–иран адеп–ахлак жана саясат түшүнүгү менен төл түрк салттарын айырмалоого аракет жасалды.

В. Бартольддун (*W. Barthold*) оюу боюнча, «Кутадгу билиг»: «падыша–ларга, кызматчылырга жана башкаларга адеп–ахлак үйрөтүү үчүн» жазылган, чыгышта, асыресе Иранда кеңири таралган чыгармалар тобунун катарына кошууга мүмкүн. Чыгарма башынан аягына чейин ислам духунда жазылган жана мунун өзү анын уйгурлардан мурасталбаганын ырастайт.[1a]

Р.Р. Араттын оюу боюнча, «Кутадгу билиг»–адамзатка эки дүйнөдө тең толук мааниде бактылуу болуу жолун көрсөтүү максатында жа–зылган чыгарма. Жусуп Хас Хажиб–атактуу ойчул–акын. «Адам өмүрүнүн маанисин талдоо, коом, ошондой эле мамлекет ичиндеги

[1a] W. Barthold, *Orta Asya Türk Tarihi hakkında Dersler*, Стамбул 1927, 121-123 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

анын милдетин аныктаган философияны, турмуш философиясынын системасын түзгөн». Ал Орто Азияда ич ара күрөштөн улам козголгон адеп–ахлак принциптерин жаңыдан тартипке келтирүү ою менен бул чыгарманы жазган болсо керек.[1б] Муну менен бирге Арат чыгарманын ар бөлүгүнөн бир корутундуу чыгаруу аракети адамды жаңылыш жолдорго алып келе тургандыгын туура белгилейт.[2] Арат чыгармада Иран таасири менен аруз ыргагынын колдонулгандыгын, арапча, персче бир канча терминдердин орун алганын жана арапча (*Tazi tili*) чыгармалар менен перс билермандарынын (*Tejik bilgesi*) эскерил–гендигин белгилейт. Демек, Жусуп Баласагын арапча жана персче билген болушу ыктымал. Маркум Садри Максуди Арсалдын (*Sadri Maksudi Arsal*) ою боюнча, «Кутадгу билиг»–«Телемакуе» (*Telemaque*) сыяктуу тарбия максатын көздөгөн чыгарма. XI кылымда түрк чыгаан адамдардын адеп–ахлак жана мамлекетти башкаруу тууралуу пикир–лерин келечектеги муундарга жеткизүү, өкүмдарларга жана мамле–кеттик кызматкерлерге бул салттарды үйрөтүү чыгарманын максаты эле. Чыгармада «коомдук турмуш, ахлак, мамлекетти башкаруу тууралуу пикирлер толугу менен исламдан мурунку түрктөрдүн түшүнүгүн түзөт.[3] Адабий, интеллектуалдык материалдардын дээрлик баары түрк турмушунан алынган». «Жазуучу колдонгон учкул сөздөр түрк макал–лакаптары болуп саналат».

«Бул адеп–ахлак, укук түшүнүктөрүн жана мамлекет түзүлүшүн XI кылымда уйгур–мусулман хандыктарына ээ болгон түшүнүк менен түзүлүштүн бираз идеалдаштырылган маңызы деп кабыл алсак болот».[4] Садри Максуди Арсал чыгармадагы пикирлерин “түрктөрдүн тарыхый жашоосунда топтогон ой–пикир жана адеп–ахлак казынасынан алынганынан» сырткары башка калктардын таасирлери бар экендигин белгилейт. Анын ою боюнча Жусуп Баласагындын интеллектуалдык өнүгүү мезгили 1030–40 жылдарга туура келет. Отто Альбертс (Otto Alberts) белгилегендей[5], Ибн Синанын (*İbn Sinâ*) таасири жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес. Андан Аль Фараби (*Fârabi*) менен кытай философу Конфуцийдин (*Konfuçius*) таасири көбүрөөк байкалат. Өкүмдарга таандык сапаттар, билимдин жана акылдын мамлекетти башкарууда алган орду, адилеттүүлүктүн ролу тууралуу Аль Фараби менен Жусуп Баласагындын ойлору арасында абдан көп окшоштуктар бар.[6]

Конфуцийдин чыгармаларынын айрымдарынын уйгур тилине которулгандыгын көрсөткөн далилдер бар. Анын ахлак, укук жана мамле–кетти башкаруу тууралуу көз караштары менен Жусуп Баласагындын пикирлери арасында төгүнгө чыгарылбаган окшоштуктар бар.[7]

Бул жерде жалгыз гана метод жагынан эскерте кетүүчү нерсе, бул сыяктуу ой–пикирлер өтө көп таралган. Белгилүү бирөөнүн таасирин көрсөтүү үчүн, өзгөчө жоболордун тастыкталуусу керек.

---

[1б] I том ,текст, XXV б.
[2] Аталган чыгарма, XXIII б.
[3] S. M. Arsal, *Türk Tarihi ve Hukuk*, Стамбул 1947, 90, 98 б.
[4] Аталг чыг., 118
[5] *Archiv für Geschichte der Philosophic*, VIII (1901), 330 б.
[6] S. M. Arsal, атал. чыг. 119
[7] Атал. чыг., 120 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

«Кутадгу билигдин» кандай чыгарма экендиги ага кийинчерээк проза жана поэзия түрүндө кошулган кириш сөздөрдө туура баяндалат. Буга караганда бул түрдөгү чыгармаларды башка өлкөлөрдө «Эдебүл-мүлүк» (*Edebü'l-Mülûk*), «Айин үл—мемлеке» (*Ayin ü'l-memleke*) же «Пенднаама-и мүлүк» (*Pendnâme-i mülûk*), Турандыктарда болсо «Кутадгу билиг» деп айтышат. Бул кириш сөзгө караганда, китепте, өлкө жана шаарларды башкаруу, башкаруучулардын билүүсү керек болгон нерселер, бийликтин муктаждыктары жана шарттары мамлекеттин кулашы жана бийлигин улантуу себептери көрсөтүлгөн.

## A «Кутадгу билигде» Индия жана Иран каада—салттары

Жусуп Баласагындын «Шах—намени» (*Şehnâme*) көргөндүгүнө эч шек жок. Ал түрктөрдүн уламыштарындагы каарманы Тонга—Алп—эрди (*Tonga-Alp-er*) ирандыктардын Афрасияб (*Afrasiyab*) деп атаган—дыгын жазган (280 бейт). Даххак (*Dahhuk*) менен Феридундун (*Feridûn*) тагдыр тууралуу сөздөрүн (241 бейт) өз чөйрөсүндө «Шах—намeнин» жакшы таанылганына далил катары алууга болот. Акыры, «Кутадгу билиг» «Шах—наме» ыргагында (*faûlun faûlun faûlun faûl*) жазылган. Бирок ушул эле жерде, Жусуп Баласагындын чыгармасындагы көз караштар, башкаруу өнөрү тууралуу XI кылымдагы мусулман Иран дүйнөсүндө таралган, тамыр жайган бир топ түшүнүктөргө кайрадан кайрыла тургандыгы жана булар да көбүнчө байыркы Индия—Иран булактарына барып такаларын айтып коюшубуз керек.

Сасаний мамлекетинин соңку мезгилдеринде, өкүмдарларга мам—лекетти жакшы башкаруунун негиздерин үйрөтүү максатын көздөгөн насыят китептери «Андарзнаме» (*Andarznâme*) же «Пенднаме» (*Pendnâme*) аты менен кеңири таралган эле. Булардын ичинен эң белгилүүсү I Хусров Анушируан (*I Husrov Anuşirevân*) мезгилине таандык Тансардын (*Tansar*) каты, ошол доордогу элестүү бир абалды колго алуу аркылуу адеп—ахлактык жана саясий кеңештерди берет.[8] Булардын дагы бири «Бузуремихр Рисалеси» (китепчеси) (*Buzuremihr Risalesi*) болуп, ал орто кылым ислам тарыхында белгилүү болгон атүгүл, Осмон түркчөсүнө да которулган.

Ислам доорунда байыркы Иран чыгармаларынын таасири менен, өкүмдар жана жогору катмарлары үчүн адеп—ахлак, саясат, мамлекетти башкаруу, этика, этикет, чыныгы жашоо эрежелерин баяндаган жана *agen* аты менен көптөгөн китепчелер жарыкка чыккан. Исламда мунун көрүнүктүү өкүлү зороастризмден мусулмандыкка өткөн ирандык Ибн Мукаффанын (*İbn Mukaffa*) чыгармаларынын көпчүлүк бөлүгүн пехлеви тилинен которулган бул сыяктуу чакан китепчелер түзөт. Ал ошол эле мезгилде «Калила жана Димна» (*Kalilagh Dimnagh*) аттуу чыгарманы да пехлеви тилинен арапчага которгон. Бул китептин оригиналы санскритче атайын өкүмдарларга арналган бир насыятнаама болгон «Панчатантра» (*Pançatantra*) эле.[9] Чыгарма,

---

[8] A. Christensen, *L'İran sous les' Sasanides*, Копенгаген 1936, 58-61 б.

[9] «Pançatantra» жөнүндө караңыз: Kemal Çağdaş, *Pançatantra masalları*, Анкара, 1962. Чыгарманын жазылган жылы аныкталган эмес. Сунуш кылынган жылдар б.з.ч.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

айбанаттар тууралуу жомоктордун ичинде башкаруу, саясий эрежелер жана адеп—ахлак сабактарын берүү максатын көздөгөн. Жомоктордун ичиндеги ойлор көпчүлүк учурда кыска даанышман учкул сөздөр жана эрежелер жыйнагы түрүндө айтылган. Чыгарманын Ануширвандын вазири Бурзөеге (*Burzöe*) таандык деп эсептелген пехлеви котормосу жоголгон. Чыгарма кийинчерээк газналык султан Бехрамшахка (*Gazneli Sultan Behrâmşâh*) (1118 1152) арналып, Мунши Абул-ма-али Насруллах (*Munşî Ebu'l-ma'âli Nasrullah*) тарабынан кошумчалары менен арапчадан персчеге которулган.[10] Бул чыгарма Сасаний Иранда өтө белгилүү болгон. Бардык адеп—ахлак жана саясат жөнүндөгү китептердин максаты, элестүү аңгемелер, чыныгы турмуштан алынган өрнөктөр жана акылман санат сөздөр менен адамдарга бактылуу жашоонун жолдорун көрсөтүү, өзгөчө өкүмдарларга ийгиликтүү башкаруунун сырларын, чыныгы эрежелерин үйрөтүү болуп эсептелет. Булар исламга чейинки Иран коомунда жогорку социалдык катмарлардагы адамдардын жашоосун, диний-ахлактык жана саясий пикирлерин билдирген. «Калила жана Димнанын» кириш сөзүндө[11] Ибн Мукаффа (*İbn Mukaffa*) бул чыгарманын падышаларга башкаруу өнөрүндө керектүү жол көрсөткүч экендигин жана Ануширвандын мамлекет иштерин ошого карата түзгөндүгүн баса белгилеген.

Байыркы индия—иран насыятнаме (*Nasihatnâme*) жана саясат намелеринде (*Siyasetnâme*) мамлекет өкүмдардын күчү, кудурети жана кадыр баркы болуп эсептелет. Саясат болсо өкүмдардын кадыр—баркын коргоо, бекемдөө жана мунун каражаттарын, тагыраак

---

200—б.з. 500 жылдары арасында алмашууда (Атал. чыг. 9, 10 бет). Мамлекет башкаруусу жана ахлак тууралуу эрежелер байыркы Индияда эң көп Kautiliya атына байланыштуу. «Панчатантранын» автору дагы ошону эскерет (Kautiliya жөнүндө N. Ch. Bandyapadhya, *Kautiliya or an expositıon of his Social İdeal and Polititicial Theory*, Калькутта 1927). Материалисттик ахлакка таянган бул чыгарма боюнча адамдын жол башчысы акыл, жана адам өз бактысын табуу үчүн башкаларынын бактысына урмат көрсөтүш керек. Биздин кылык—жоругубуз өткөндөгү өрнөктөргө таянуусу керек. Алдыңкы катмарлар экономикалык жактан мамлекеттин пайдубалы болот. Мамлекеттин элементтери жетөө, алар: Өкүмдар, ага кеңеш берген вазирлер, букаралар, чептер, коргоо жана чабуул жасоочу күчтөр, казына жана союздаштар. Өкүмдар букараларга балдары сыяктуу мамиле кылуусу керек. Ал ар түрдүү таасирди билдирет. Бул таасир, дүйнөнү башкарган мыйзамдан чыгат. Өкүмдар мыйзамды аткарууга милдеттүү. Мыйзамга таянып күнөөлүүлөрдү жазалайт. Адилеттүүлүк—өкүмдардын негизги парзы. Адилеттүүлүктү ишке ашырууда өзүнүн жакшы көрүүсү жана жек көрүүсүнө көз каранды болбоосу керек. Бейтараптык —адилеттүүлүктүн алгачкы сын ташы. Адилеттик менен башкаруудагы экинчи элемент акылга баш ийүү. Адилеттүүлүктү ишке ашыруудагы эң маанилүү жол, доону өкүмдардын өзү угуп, буйрук берүүсү болот. Өкүмдардын милдеттери, зулумдукту жана баскынчылыктын алдын алып, букаранын мал—жанын коргоо, адилеттүүлүктү бейтараптык менен ишке ашыруу, дыйканчылык жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүүсүнө демилгечи болуу жана калкты байытуу. Жалпысынан, байыркы Индияда мамлекет теориясы боюнча караңыз: B. Prasad, *Theory of government in İndia (Post-Vedic)*, Аллахабад 1927.

[10] Азыр эң жакшы илимий басылышын Моктеба Минови (Moctebâ Minovî) жасаган: *Tarcuma—î Kalîla wa Dimna*, Тегеран 1343

[11] Атал. чыг. 29 б

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

айтканда аскерлерди жана акчаны элдин нааразылыгына себепкер болбостон табуу жолу болуп эсептелет. Элдин тынчсыздануусу жана нааразычылыгы өкүмдардын таасир күчүн коркунучка алып келген, кедейликке жол ачкан абал болот. Өкүмдар мындай абалдан мүмкүн болушунча алыс болуусу зарыл. Бул бир гана адилеттүүлүк менен ишке ашат. Бул чыгармаларда адилеттүүлүк, негизинен, элдин арасынан зулумдукту жоюу, күчтүүнүн алсызды эзүүсүнө жол бербөө, жарандардын жанынын жана мүлкүнүн коопсуздугун сактоо маанисинде түшүндүрүлөт. Кыскасы, бийлик адилеттүүлүккө өтө тыгыз байланыштуу түшүнүк катары келип чыгат. Башкача айтканда жакшы саясат өкүмдардын жеке ахлактык касиеттерине киреше алып келет. Өкүмдар ынсаптуу, жумшак жана кечиримдүү мүнөздө болсо, адилеттүү бир өкмөт курууга мүмкүн. Ошон үчүн, саясат ахлактан айрылбайт, саясатнаамалар ошол эле учурда кандайдыр бир ахлак китеби жана ахлактык насыяттар жыйнагы болуп эсептелет.

Таберин (*Taberi*) сасаний булактарынан которгон төмөндөгү уламыш байыркы Ирандын мамлекет тууралуу түшүнүгүн жакшы көрсөтөт: «Кисра Первиз (*Kisrâ Perviz*) казынасына көп байлык жыйнаган эле. Казынага мүлк топтоо үчүн күч колдонулушуна уруксат берип турган. Мунун натыйжасында (т.а. акча казынада топтолуп колдонуудан чыккандыгы үчүн) баалар чегинен чыгып, жашоо оорлоду. Эл Кисрага жана мамлекетке каршы чыкты. Өзү тактан түшүрүлүп жазаланганда, калган залимдер арасында өзгөчө салык жыйноо мезгилинде күч колдонгондугу, калктын колундагы мүлктөрдү топтоо аркылуу жашоо–лорун жакшырткандыгы белгилүү болду. Буга каршы Кисра мындай жооп берген: «Кудайдан кийин өкүмдарларды кармап турган жана күчтөндүргөн нерсе–акча жана аскер. Аскер жана курал бир гана көптөгөн акчанын жардамы менен ишке ашырылат. Зарыл болгон мүлк бир гана адал иштөө жана салык жыйноо мезгилинде күч жумшоо аркылуу жыйналышы мүмкүн. Казынада акча жыйноо ишин биз баштаган эмеспиз... Бул мүлк жана байлыктар–өкүмдарлыктын жана мамлекеттин негизи. Душманга каршы сенин күчүң»[12] деп баяндалат

Бул жерде бир жактан үстөмдүктү кармап калуу үчүн аскерге жана бул үчүн акча менен казынага муктаж болуу пикири, экинчи тараптан казына топтоонун калкка зулумдук кылынышына жол бергендиги жана чоң өлчөмдө алтын, күмүштү падышанын казынасында сактоонун калктын жашоосун начарлатуу пикири, бир бирине карама–каршы эки саясат болуп чыгат. Бул келишпестик, дагы эле терең көз караштуу чагылдырган ой менен четке кагылган: жаны жана мүлкү бейпилдикте болбогон калк бир нерсе өндүрүп байый албайт жана кедей болгон калктын салык төлөө жөндөмдүүлүгү да азаят.

Мындай болсо, казынаны толтуруу үчүн падышанын калкты жумшак жана адилеттүү башкаруусу, зулумдуктун алдын алуусу зарыл.

«Калила жана Димна» боюнча[13], «Калктын коопсуздугу падышага жана мамлекет иштеринин түзүк болушуна, такыбалыкка, акылга,

[12] Taberi, *Târî ı al-umam va'l-mülûk*, terc. A. Temir-Z. Kadirî, III, Анкара, 1905, 1238-43 б.
[13] 319 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

туруктуулукка жана адилеттүүлүккө байланыштуу». Падыша адилет—түүлүк, боорукердик жана мээрим менен, ошондой эле жаман кишилерге каршы аброюн көрсөтүп, жазалоо аркылуу бактылуулукка жетишүүдө жана дүйнөнү өзүнүн бийлиги алдына алуу ийгилигине жетишет.[14] Байыркы Индия жана Иран салтын чагылдырган кийинки «Кабусname» (*Kâbusnâme*)[15] аттуу чыгармада (1082 ж жазылган) окшош көз караштын мындай түрдө келтирилгенин көрөбүз: «Муну билип кой, өкүмдарлык аскер менен, аскер алтын менен күчтүү болот, алтын болсо жыргалчылык менен колго тиет, жыргалчылык болсо адилеттүүлүк жана ырайымдуулук менен жайылышы мүмкүн. Ошон үчүн адилеттүүлүк менен ырайымдуулуктан кам санаба». Адилеттүүлүк «Кутадгу билигде» дагы ачык сүрөттөлгөн (2057—59):

«Эл коргоого жер майышкан кол керек,
Кол кармоого—дүйнө, курал мол керек.

Элиң бай бы, эл кошкон киреше көп,
Эл баюуга жакшы заң, тартип керек![16]

Таянычтын бири кетсе, баары кетет,
Төрт таяныч тең куласа, бийлик бүтөт.»[а*]

Жусуп Хас Хажибдин чыгармасында бул саясат тууралуу көз караш үстөмдүк кылат. Ар кайсы жерлерде акын бул пикирге кайрылат жана ар башкача түшүндүрүүгө аракет кылат. Мисалы:

«Калкы байып, элинин бактысы артты,
Эли болсо Элигин даңктап жатты,

Кут даарыды, өстү калктын өрүшү,
Бир жайылды козу менен бөрүсү,

Заң түзүлүп, акыйкат бекемделип,
Жыргал күндө жашады куттуу Элик.

Мына ошентип айлар—жылдар жаңырды,
Жыргап эли, издегени табылды

Жаңы калаа, жаңы жайлар салынды,
Алтын—күмүш казынага агылды.

Кубанды алыс айдап санааны,
Бүт дүйнөгө атак даңкы тарады.»[б*] (1039—1044 бейттер)

---

[14] 27 б.

[15] *The Nasihatnâma known as Qâbûs-nâma of Kai Kâ'üs b. İskandar*, ed. R. Levy, Лондон 1951, 125 б. Типтүү Pendnâme болгон бул китептин II Мурад (II Murad) үчүн Мехмед Ахмед (Mehmed Ahmed) тарабынан жасалган котормосу (басып чыгарган O.İ. Gökyay, Стамбул, 1944, 337 б.).

[16] Асты сызылган сап мындай: *budun baylıkınga törü tüz kodun.*

[а*] Жусуп Баласагын, «Куттуу билим», байыркы Түрк тилинен которгон Т. Козубеков, Москва, 1993, 184 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

«Эгерде көпкө бийлик кылам десең—
Тартип чыңоо— биринчи милдет де сен

Заң болсо—өлкө гүлдөйт, дүйнө гүлдөйт,
Зордукта—өлкө, эркиндик жашоо билбейт.

Залим күчү далай ордо, шаар бузду,
Ансе да ачкалыкка өмүрү учту».[в*] (2033—2035 бейттер).

Башка бир жерде (5152 бейт) өкүмдардын «казынасы, жан жөкөрлөрү жана аскерлери бар эле, буларга таянуу менен каалаганын баарын тапты».

«Кутадгу билигде» бул түшүнүктү билдирген көптөгөн мисалдарды табууга болот (караңыз: 894—895, 5540, 5459—5463, 1924—1928 бейттер). Жусуп бул түшүнүктүн ичинде мамлекет башкаруусунда адилеттүүлүккө башкы ролду бергендиги үчүн чыгармада өкүмдар Күнтууду (*Küntoğdı*) (кыгызча вариантында Элик)[г*] адилеттүүлүктү чагылдырат (68 бейт). «Бектик күчтүү, адилет жолу менен»[д*] (*bu beglik köki ol könilik yolı*)(821 бейт). Калган принциптер булар: «Мамлекет», «акыл» жана «канаат». Мамлекет, бул Айтолду (*Ay-toldı*) аттуу вазир. Акыл болсо, анын уулу Акдилмиш (*Ögdülmiş*). «Канаат» вазирдин тууганы Өткүрмүш (*Odgurmiş*) тарабынан чагылдырылат (эскертүү кетүүчү нерсе, текстте мамлекет, калк (*devlet, raiyyet*) деген сөздөр перс тилинде колдонулган калыптары менен алынган арапча сөздөр).

Адилеттүүлүктү билдирген өкүмдардын милдеттери төмөнкүлөр (5540—5550, 5574—5584 бейттер):

*1. Акчанын тазалыгын сактоо, 2. Калктын адилеттүү мыйзамдар менен башкаруу жана күчтүүнүн алы жокко зордук кылуусуна жол бербөө, 3. Каракчыларды жок кылуу, 4. Жолдордун ачык жана коопсуз болушун камсыз кылуу, 5. Ар кимге мартабасына жараша мамиле кылуу.*

Сасанийлердеги каада—салттарды чагылдырган жана Ардашир б. Бабек (*Ardaşir b. Bâbek*) жашаган доорго таандык болгон дагы бир китепчеде өкүмдардын милдеттери адилеттүүлүк кылып, калктын абалын жакшыртуу, жолдордун коопсуздугун камсыз кылуу, калктын үйлөрүнүн корголуусу жана залимдин ага кол салууларын алыстатуу[17] түрүндө аталат.[18] Көбүнчө байыркы Иран мамлекетинин салттарын чагылдырган Низамүл Мүлктүн (*Nizâm'ül-Mülk*) «Саясатнаме» (*Siyâsetnâme*) аттуу чыгармасында (алгачкы үч бөлүм) өкүмдардын милдеттери, ак сөөктөрдү жазалап баш ийдирүү, ар бир кызмат ээсин жөндөмдүүлүгүнө жараша өз ордуна жана мартабасына жеткирүү,

---

[б*] Атал. чыг., 119 б.
[в*] Атал. чыг., 182 б.
[г*] Атал. чыг-да Күнтууду Элик (Küntoğdı) деп жазылган
[д*] Атал. чыг., 104 б.
[17] Арапча жазылган Nasihatu's-selatin мүнөздөгү китептерде же болбосо Siyâsetu's-şar'iyye деген китептерде бул так жана кыска айтылган ой жалпысынан мындай берилет: كف ايدى الظلمين же كف الظالم عن المظلوم
[18] Râsû'ilu'ul-Bulagâ: жарыялаган M. Kurd Ali, 3.басылыш, Каир 1964, 383 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

адилеттүүлүк менен калктын бейпилдигин камсыз кылуу, каналдар жана көпүрөлөрдү салып, жаңы айылдар жана шаарларды куруп, мамлекетти өнүктүрүү болуп эсептелет. Өкүмдардын эң биринчи милдети—жуманын белгилүү күндөрүндө калктын арыз—мунун угуп, түздөн түз адилеттүүлүктү ишке ашыруу. Ар кимге мартабасына жараша мамиле кылуу, «ар кимди даражасына ылайык жайгаштыруу» социалдык катмарлар түзүлүшүн коргоо менен байланыштуу болуп, бул түрдөгү насыятнаамаларда дайыма эскерилет.

Мусулман шарият билермандарынын «Сиясетуш—эриййе» (*Siyâsetu'ş-er'iyye*) деген китептеринде халифтин же султандын милдет—тери, окшош булактан келген пикирлердин айланасында болжол менен окшош түрдө сүрөттөлөт. Бирок шарияттын корголушу жана шарият өкүмдөрүнүн ишке ашырылышы булардын башына кошулат.[19] Мамлекеттин негизги башкаруу функциялары да аскер, казына жана адилет негиздерине таянган мамлекет тууралуу түшүнүктөргө окшош. Башкача айтканда, өкүмдарга негизинен үч өзгөчө кызматчы керек. 1. Кылыч чабар кайраттуу адамдар (аскер). 2. Кеңешүү менен мамлекет иштерин тартипке салган таасирдүү жана билимдүү мамлекеттик ишмер (вазир). 3. Мамлекеттин киреше—чыгашаларын көзөмөлдөгөн жана казынаны толтуруп турган акылдуу жана мыкты катчылар (бюрократия).[20]

Өкүмдардын шексиз бийлигине таянган бул мамлекет системасында бийлик ээсинин калкка, күчтүүнүн алсызга каршы зулумдугуна жана кыянаттыктарына бөгөт коюу маанисинде түшүнүлгөн адилет өкүмдардын эң маанилүү милдети болуп эсептелет. Сасанийлерде жана кийинчерээк ислам мамлекеттеринде мажилистин (*Divan tertibi*) жана өкүмдардын жекече калктын арыз—мунун угуп чечим чыгаруусу—бул негизги милдеттин аткарылуусу үчүн болгон иш. Мезалим диваны (*Mezâlim Divânı*), Дарул—адл ( *Dâru'l-adl*) же болбосо Диван—и Али (*Divân-i 'Ali*) деген ат менен эскерилген бул мажилиске ар ким келип арыз—мунун айта алган.

Сасаний мамлекетинде ар бир айдын биринчи аптасында калктын ичинен каалаганы бул кеңеш органына келип, түздөн түз өкүмдарга арыз—арманын айтуу укугуна ээ болгон.[21]

Низамүл Мүлк, «саясатнамесинде»[22] бул салттын чыныгы максатын түшүндүрөт. Падышалар жумада эки күн сөзсүз түздөн түз калктын арыз—мунун (*mezâlim*) угушат жана укугун иш жүзүнө ашырышат.

---

[19] Халифтин милдеттери: шарияттын өкүмдөрүн орундатуу менен бирге адилеттүүлүктү ишке ашыруу, жалпы тынчтык жана коопсуздукту сактоо, бул максаттар менен жаза санцияларын колдонуу, ислам өлкөсүн коргоо, шарият боюнча аныкталган кирешелерди топтоо, айлыктарды жөнгө салуу мамлекеттик кызматтарга адис болгон кишилерди дайындоо жана алардын иштерин дайыма көзөмөлдөө.

[20] *Kutadgu Bilig*, 5910-5914 бейт, X-XI кылымдарда Иранда башкаруу түзүлүшү үчүн бул чыгарманы кароо зарыл: H. Hurst, *Die Sinawaeraling der Grosselğuqen und Horezmiahs (1038-1231)*, Висбаден 1964

[21] Christensen, 298 б.

[22] *Siyar al-mulâk (Siyâset-nâme)*, басылышы H. Darke, Тегеран 1962, 19 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Ошентип мамлекеттин ар кайсы жерлеринде залимдер даттануудан коркуп, жамандык жасоодон тартынышат. Даттануулар жалпысынан падышанын атынан бийлик жүргүзгөндөрдүн бийликти кыянаттык менен пайдалануусуна каршы мүнөздө. Ал тургай падышанын түздөн түз бир буйругуна, мыйзам же түзүлүшкө каршы дагы арызданышы мүмкүн. Өкүмдардын чечими тез берилип, кайра каралбагандай болушу зарыл. Дат угуу өкүмдардын бардык нерседен жогору турган шексиз үстөмдүгүн көрсөтүүгө түрткү болот. Ушуну менен бирге жогорку мажилис, өкүмдардын адилеттүүлүгүн жана үстөмдүгүн эң жогорку деңгээлде көрсөткөн бир жай жана чыгыш мамлекеттеринин мүнөзүн эң белгилүү түрдө ачып көрсөткөн бир мекеме болуп саналат. Бардык ислам мамлекеттеринде, сасаний мамлекетиндегидей бул мекемеге абдан зор маани берилген.[23] «Кутадгу билигде» адилеттүүлүк, салттуу исламдык Иран мамлекеттеринде болгон түрү менен дал ошондой мааниде белгиленет (өзгөчө Күнтууду (*Kün-Togdı*) адилеттүүлүктүн эмне экендиги тууралуу XVIII бөлүм, 792—822 бейттер). Бек мындай деп айтат: Так үч буттун үстүндө турат, эч тарапка ийилбейт. «Аракетим жана сөзүм калк үчүн бирдей.» «Мен иштерди тууралык (*könilik*)[24] менен чечем, көндүм ага: бексиңби же кулсуңбу—бирдей мага... Бычактай иштеримди шарт—шарт кесем, нааданды жазалаймын тездик менен! Эшигиме келген азап чегип жүргөндөр чындык табат менден келип, каардуулугум залимдер үчүн. «Заң алдында бардыгын бирдей баалайм» (812 бейт: *törü bulsa mindin kapugka kelip*; бул жерде эшик (kapı) Осмон мамлекетинде колдонулгандай өкүмдардын өкмөт иштерине башчылык кылуучу жер, башкача айтканда мажилис).

Өкүмдарга тиешелүү сапаттар бардык насыятнамелерде эң маанилүү бир теманы түзөт. Анткени, жогоруда айтылгандай, саясат ахлакка таянат. Барынан мурун өкүмдар башкарууда акылга жана билимге таянуусу зарыл: Эл башкарган бек болсо билими мол, ишин иштейт ой менен—орундуу, зор (*bilig birle begler budun başladı: ukuş birle il kün işin işledi*) (1952 бейт)

Акыл жана билимдин зарылдыгы «Кутадгу билигде» узун бөлүктөр түрүндө кайра кайра кайталанат (мисалы, 1948—1973). Акыл жана билим менен иш кылган, эки дүйнөдө тең бактылуу болот (1973 бейт).

Индия жана Иран салттарында да акыл жана билим тууралуу пикирлерге өзгөчө маани берилет. «Калила жана Димна» боюнча[25], акыл—бакыттын негизги таянычы жана максатка жетүү үчүн бир ачкыч болуп эсептелет. «Кабусname» (котормо, 349 бет) бул пикирди мындай түшүндүрөт: «Иш жасоодон мурун акылың менен, билген адам

---

[23] Мекеме тууралуу караңыз: E. Tyan. *Histoire de l'organization judicialre en pays d'islam*, 2-басылышы, Лейден 1960, 83—86, 433 ж.б. беттер

[24] R. Arat, көнилик (Könilik) сөзүнүн тууралык (doğruluk) деп которот. Сөздүн мааниси чындык/адилет жана текстке ылайык чындык/адилет деп эле которулушу туура болот. Бейт 821: «*Beyligin temeli doğruluk üzerinde kurulmuştur* дегендин ордуна *Beyligin temeli adâlet (könilik) üzerinde kurulmuştur* деп которулуш керек болчу. Байыркы жана орто кылым доорлордогу мамлекеттин бул негизги принциптери батышта *İvaitia Regnorum Fundamentum* түрүндө көрсөтүлгөн»

[25] 408 б.: عقل عمده سعادت و مفتاح نهمت امت

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

менен кеңеш. Андан кийин ал ишти жаса. Анткени падышанын вазири жана министрлери—акыл жана билим» («*Her işin evvelinde aklınla, bilünle danış, andan ol işi it. Zira Padişahın vezir ve vüzerası akıl ve bilüdur*»).

«Кутадгу билигдин» бул темада Иран салтын уланткандыгын мындай саптар көрсөтөт: «Адам акыл менен жогорулайт, билим менен чоңойот. Экөөнөн тең адам урмат—сый көрөт. Буга ишенбесең, Нушин—Реванды (*Nûşîn-Revan=Anûşirevân*) кара» (289—290 бейт).

«Кутадгу билигде» башкаруучунун негизги сапаттарынын бири чыдамдуулук, букарасына жумшак жана ырайымдуулугу болуп эсептелет. «Ким калкка бийлик жүргүзсө да кыялы жумшак, мамилеси жана кылык— жоругу айкөл болушу керек... Анын тили жана сөзү ширин, өзү токтоо болуусу зарыл.» Өкүмдар адилеттүүлүктү, мыйзам жана жазалоону чагылдырганы үчүн сезимдерине көз каранды эмес. Бирок башкаруунун башында болгон вазирдин сөзү сөзсүз жумшак жана жароокер болуш керек (546—552 бейт). «Калила жана Димна» боюнча[26], өкүмдарга керек болгон сапаттар, б. а. жумшактык (*hilm*), айкөлдүк (*sahâvet*) жана эрдик (*şecâat*). Булардын арасында эң маанилүүсү—айкөлдүк. Ырайымдуулук падышаны таасирдүү жана кадырлуу (*mehib ve mükerrem*) кылат, аскер менен калк аны жактырышат, ага ыраазылыгын билдиришет, ошондо «мүлк жана мамлекет» козголбойт. Буга каршы, бир гана жаман иш—аракет менен дүйнө бүлгүнгө учурайт, калкта нааразылык жана жек көрүүчүлүк пайда болот. Ырайымдуулук акыл жана тажрыйба ээлерине кеңешүү жолу менен келет. Ырайымдуулук менен аскерди жана калкты өзүнө тарткан өкүмдардын өлкөсүн душман басып ала албайт.

Өкүмдардын калктын алдындагы милдеттеринин бири ар бир адамга даражасына жараша айкөлдүк (*mürüvvet*) көрсөтүү болуп саналат.[27] Жалпылап айтканда, «Кутадгу билиг» менен индия—иран салтында падыша ээ болуусу керек болгон башка мүнөздөрдүн тизмеси бир бирине абдан окшош.

«Кутадгу билигде» мындай айтылат: «Ач көз болбо, абийирди бийик карма» (2000 бейт). «Ак болсун жүрөгүң да сөзүң дагы» (2010 бейт). «Бек дайыма ак көңүл болгон жакшы, пейли актын иши да салабаттуу» (2049).

«Кабуснамеде» (357—364 бейттер) бектиктин мүнөздөрү төмөндөгүдөй көрсөтүлөт: адилеттүүлүк, ак көңүлдүк, улуулук көрсөтүү, мыйзамсыз иштерден качуу, шашмалыкты калтыруу, ар бир иштин оңойлугун байкоо, чындыкты сүйлөө, сөзүндө туруу.

---

[26] 347-50 б.

[27] Атал. чыг., 8 б. Фатих (*Fatih*) доорунда биринчи вазир Махмуд Пашанын (*Mahmud Paşa*) он эки жыл бою «сыр жазуучусу» *(«sırkâtibi»)* аты менен таанылган тарыхчы Турсун Бей (*Tursun Bey*), тарых китебинин башына койгон «кириш сөзүндө» мамлекет жана саясат тууралуу классикалык Индия жана Иран мамлекет салтын кайталайт. Ага караганда өкүмдарга таандык төрт сапат: адилеттүүлүк, айкөлдүк, кең пейилдик, кыска жана нуска айтылган сөз. Айкөлдүктүн маанилүүлүгү тууралуу баяндап жатканда «Адамгерчилик шариятты жеңет» деп бир макалды да кошкон. (Târihu Abu'l-feth, 20 б.)

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Низамүл Мүлктүн эмгегинде өкүмдар үчүн керектүү сапаттар мындай көрсөтүлөт: «токтоолук, кайрымдуулук, ырайымдуулук, кечиримдүүлүк, сыпаалык, ак көңүлдүк, ак ниеттүүлүк, сабырдуулук, ыраазылык, мээримдүүлүк, билимдүүлүк, акылдуулук жана адилеттүүлүк» (*"hayâ ve hüsnü'l hulk ve hilm ve af ve tevâzu' ve sahâvet ve sıdk ve sabr ve şükr ve rahmet ve 'ilm ve 'akl ve 'adl"*).

Ушул эле чыгармага караганда, бектерге жарашпаган сапаттар арасында булар бар: «Кекчилдик, көрө албастык, текебердик, каар, аял жандуулук, ач көздүк, умтулуу, кежирлик, демилгесиздик, саранlык, оор кыял, катаалдык, менменсинүү, шашкалаңдык, жакшылык билбөө жана алаңгазарлык» (*"hıkd u hased ve kibr u gazab ve şehvet ve hırs ve emel ve lucac ve durug ve bahl ve hûy-i bad ve zulm ve hodgâmi ve şitâb-zedegi ve nâ-sepâsi ve sebük-sarî"*).

«Кутадгу билиг» да ушул эле мүнөздөрдү жамандайт (2010–2078 бейт). Шалаакылык, катаалдык, калпычылык, коркоктук, сараңдык, өжөрлүк, текебердик, бой көтөрүү, шашкаландык жана ачууланyу өкүмдарларда болбоочу сапаттар.

Натыйжада, «Кутадгу билигде» мамлекет тууралуу түшүнүктүн жана саясат, ахлак эрежелеринин кеңири өлчөмдө Индия жана Иран булактарына таянгандыгына шек жок. Бул түшүнүктөр бардык мусулман элдеринин орток маданий мурасы абалына жеткен. Жусуп Баласагындын X-XI кылымдарда чыгыш Иранда жана Мавераннахрда кайрадан жанданган байыркы Иран салттарын жана бул тууралуу чыгармаларды үйрөнгөндүгүндө калет жок. Борборлору Баласагын жана Кашкар аймагында болуп XI-кылымдын орто чендеринде ислам динин кабыл алган караханийлер, бул кылымдын аягында Мавераннахрды Иран үрп–адаттарын күч менен жайылткан сасанийлерден тартып алышты (өздөрүнүн байыркы Иран сасаний династиясына байланыштырган саманийлердин[28] колдоосунда Рудеги (Rûdegî) деген адам «Калила жана Димнаны» ыр түрүндө перс тилине которгон).

Караханийлер ислам маданиятын өздөштүргөндүгү менен бирге теги жагынан чыгыш тараптагы уйгур маданияты менен дагы байланыштуу болушкан.

«Кутадгу билигде» саналуу исламдык Иран терминдеринен тышкары, бул абстракттуу маселени кароо үчүн колдонулган тил толугу менен түрк тили болгон. Р. Р. Арат көрсөткөндөй, бул түркчө уйгур аймагында колдонулган түрк тили экени шексиз. Жусуп Баласагындын, уйгурлардын буддизм маданиятына жана философиясына чоочун эместигин көрсөткөн издер бар.[29] Анын санскрит тилинен түрк тилине которулган чыгармалар, ошол мезгилдеги саясат китептеринен кабардар болушу ыктымал. Индиялык саясий көз караштардын Иран жолу менен болгондой эле уйгур жолу менен да алынышы мүмкүн.

---

[28] W. Barthold, *Orta Asya Türk Tarihi Hakkında dersler,*
[29] Arat, *Kutadgu Bilig*, I, Текст, Кириш сөз XXII б., S. M. Arsal, аталг. чыг., 94 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

## Б. «Кутадгу билигде» түрк мамлекетинин каада–салты

Жусуп Баласагын бир жактан Анушированды үлгү катары көрсөтүү менен экинчи жактан да бир топ белгилүү түрк инсандарынын аттарын эскерип, алардын пикирлерин мисал келтирген.[30] Айрыкча бир канча түрк макал–лакаптары менен бул көз караштарды колдойт. Автор түрк мамлекетинин каада–салтын баардык нерседен жогору туткандыгын бул сөздөр менен белгилейт (276 бейт):

*Körü barsa emdi bu türk begleri*
*Ajun beglerinde bular yigleri* [e*]

Иран мамлекетинин каада–салтында өкүмдардын шексиз таасир күчү бардык нерседен жогору турат. Бирок бул таасир күчү мыйзам менен бекитилген. Бул чексиз бийликти бир гана адилеттүүлүк түшүнүгү чектейт. Пенднамелердин көбүндө адилеттүүлүктүн, дагы да болсо өкүмдардын кызыкчылыгын көз алдында туткан прагматикалык бир максатка көз каранды болгонун көрсөттүк , (адилеттүүлүк болбосо тартипсиздик жана баш аламандык пайда болот, калк жакырданат, өкүмдардын киреше булактары жок болот).[31] Адилеттүүлүктүн ишке ашырылышы, толугу менен өкүмдардын тартуулоого болгон акысы. Анын шексиз үстөмдүгүн чектеген объективдүү эрежелер түрүндө иретке салынган эмес. Адилеттүүлүк , жогорку мажилисте өкүмдардын ырайым кылуусу жана жумшак мамиле кылуусу катары көрсөтүлөт. Пенднамелерди жазгандар, адилеттүүлүктүн кепили катары өкүмдардын адилеттүү, жумшак көңүлдүү жана ырайымдуу болушу сыяктуу ахлактык принциптерге таянуудан башка жол таба алышкан эмес.

«Кутадгу билигде», Иран мамлекети жана бийлиги тууралуу түшүнүктүн жанында өзгөчө белгиленген жагдай, бул–бийликтин мыйзамдан бөлүнбөстүгү, керек болсо бийликтин улуу мыйзам жана куттан тургандыгын чагылдырган көз караш.

«Күн тууду дегеним–түздөн түз мыйзам» (*bu Kün toğdı tigli törü ol köni*) (355 бейт).

«Өлкө мыйзам менен бекем болот» (*Törü birle beglik turur ol örü*) (5285 бейт)

Жусуп өкүмдарга «Эй азиз кут, эй жакшы мыйзам» деп кайрылат. (939 бейт)

«Бир мамлекеттин байлоосу жана кулпусу эки нерседен турат: бирөө сактык, бирөө мыйзам, булар мамлекеттин негизи» (*biri saklık ol bir törü il köki*) (2015 бейт)

---

[30] *Kutadgu Bilig*, I, Текст, XXVII б.
[e*] «*Түрк бектерде даңктуулары көп болгон, Кадыр, баркы артык болгон көптөрдөн»*, Ж. Баласагын «Куттуу Билим», которгон Т. Козубеков, Москва,1993, 67 б.
[31] Байыркы Иранда адилеттүүлүктү ишке ашыруу, кудай алдындагы милдет катары болгондугу жөнүндө караңыз: Аль Жахизге (Al-Cahiz) таандык деп эсептелген *At-tâc fi ahlâki'l-mulûk*, Бейрут 1955, 268–270 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

«Кайсы бек өлкөдө адилеттүү[32] мыйзам койгон болсо, ал өлкөсүн тартипке койгон жана күнүн жаркыраткан болот».

«Бек мүлкүн жана элин мыйзам жолу менен тартипте кармайт.» (*"Bey mülkünü ve halkını kanun yolu ile nizam altında bulundurur"*) (286 бейт).

Адилеттүү мыйзамдарды коюу жана аларды бейтараптык менен иштетүү жолу менен өкүмдар бийлигин көпкө сактай алат (кар. 2033 бейт).

Түрк мамлекет салтында улуу мыйзам (*törü*) кудай берген бийлик–тен (*kut*), б.а. куттан айрылбайт. Бир каган, өзгөчө мамлекет негиздөөчү түрк каганы сөзсүз бир улуу мыйзам коюусу зарыл. Селжукнаменин (*Selçuknâme*) автору Языжызаада (*Yazıcızâde*) , чыгармада Огуз хандын «керээз кылып мыйзам (*türe*) койгондугун» баяндайт. Орхон эстелик–терине караганда, Көк Түрк мамлекетинин негиздөөчүсү Бумын каган такка отурары менен « Түрк калкынын өлкөсүн, мыйзамын чындады, тартипке салды» андан кийин төрт тарапка бийлигин таратып импе–рияны курган экен (Х. Н. Оркундун (*H. N. Orkun*) басылышы, *Eski Türk Yazıtları*, I, Анкара 1936, D. I, D. II). Бир мезгилде кулаган мамлекет жаңыдан көз карандысыздык үчүн күрөшкө киришкендигинде Элтериш каган «Түрк улуу мыйзамы бузулган улутту, ата–бабаларынын мый–замына окшоштуруп кайрадан калыбына келтирип, ишке киргизген» (*"budunıg türk törüsün ıçgımış, budunıg eçüm apam törüsinçe yaratmış, bagurmış"*) (I D 13, II D 12, I D 14).

Билге каган мамлекеттин кудуретин түшүндүрүп жатып «мындайча жетишилген, тартипке салынган өлкөбүз, каада–салтыбыз бар болчу» (I D 22) деп айтат. Таш жазуудагы бул белгилүү бөлүмдө «Асманда теңир баспаса, астыбызда жер бөлүнбөсө, түрк улутун, өлкөсүн, мыйзамын ким бузат» деп айтылат (I D 22). Улуу мыйзамга тиешелүү болгон, Орто Азия коомунда коомдук–саясий түзүлүштө жосун, б. а. үрп–адат укук болуп эсептелет. Бирок жосун (*yasa*), негиздөөчү кагандын буйругу менен мыйзам түрүнө айланат. Каган, өзүнүн буйруктарын ага кошот жана өлкөнү жаңы тартипке коёт. Улуу мыйзам–өкүмдарды кармап турган объективдүү укук эрежелеринин жыйнагы. Түрк мамлекет салтында улуу мыйзамдын ошончолук маанилүү болушу, анын уруулар арасында катуу сакталган үрп–адат укугуна таянуусунан мурун келүүсү керек. Улуу Селжук өкүмдарларынын Иранга ээ болгондон кийин Иран Хосровто–рунун тибинде бир өкүмдар тууралуу түшүнүгүн кабыл алуулары жана Огуз урууларынын таасирине байланыштуу болгон улуу мыйзамга терс мамиле кылышы бул уруулар менен селжук өкүмдарлары арасындагы келишпестиктердин асыл себептеринен бири жана башаты болушу мүмкүн.

Чыңгыз хандын ясасы, негизинен, түрк мамлекеттериндеги улуу мыйзамдан эч айырмасы жок жана яса жөнүндө билгенибизди улуу мыйзам аркылуу да кенейте алабыз.[33]

Улуу мыйзамдын мамлекет ичиндеги ордун Жусуп Баласагын мындай ыр саптары менен белгилейт:

---

[32] Көни(*köni)* сөзүн биз бул жерде адилеттүү (*adil*) деп алдык.

[33] Бул маселе тууралуу караңыз:H. İnalcık, *Osmanlı Hukukuna Giriş*, SBF Dergisi (журналы), C. XIII-2, 102-107 б.; S. M. Arsal, атал. чыг. 287–291 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

«Бийлиги жакшы бектин—мактоого тең,
Андан да—заңы артык элге берген».[ж*] (*idi edgü beglik takı edgürek: törü ol anı tüz yorugu kerek*) (454 бейт).

Мамлекет куруучу аттуу—баштуу түрк өкүмдарларынын мыйзамдар жыйнагын чыгарышы кокусунан эмес. Байыркы түрк салттарын эң жакшы чагылдырган байыркы Осмон уламыштарын карасак, Осмон Гази (*Osman Gazi*) эгемендүүлүгүн жарыялагандан кийин мыйзамдарды киргизген.[34] Осмон империясынын негиздөөчүсү Фатих Султан Мехмед (*Fatih Sultan Mehmed*) бирин калк үчүн , бир башкасын мамлекет түзүлүшү үчүн эки мыйзамдар жыйнагын чыгарган. Акыры, империяны дүйнөлүк империяга айланткан Кануни Сулейман (*Kanunî Süleyman*) бир мыйзамдар жыйнагын чыгарган эле. Бул мыйзамдар жыйнактары, бир гана султандын эркине таянган мыйзамдар жыйнагы жана шарият менен байланышы жок, б. а. жалгыз гана түрк мамлекет салтынын бир жыйынтыгы болуп эсептелет.

«Кутадгу билигде» бул өнөкөт болуп калган түрк мамлекет түшүнүгү Иран мамлекет түшүнүгүндөгү адилеттүүлүк түшүнүгүн бир кыйла өзгөрткөн: адилеттүүлүк, өкүмдардын тартуулоо иши эмес, улуу мыйзамдын туура жана калыс түрдө иш жүзүнө ашырылуусу болот.

«Кутадгу билигде» түрк мамлекет салтын чагылдырган экинчи негиз, элге каршы өкүмдардын милдеттери каралган кезде белгилүү болот. Жогоруда белгилегендей, Жусуп Баласагын Иран мамлекет салтын кайталаган жерлерде мүлк жана казына топтоонун мааниси токтолот: Казына —бийликтин башаты (өзгөчө 5459—5464 бейттер). Муну Эликке (*Bey*) айткан Өгдүлмүш (*Ögdülmüş*) мындай дейт:

«Аскериңе казынадан дүйнө бөл,
Андан соң ойдогуңду бүткөрө бер...

Аскер көп күт, баарына бергин белек,
Керек кезде аскериң жанын берет» (5479—90 бейттер).[з*]

«Бек март болсо, анда даңкы зор болот...
Анда анын улам толуп аскери ашат,

Аскери күчтүү болсо баарын басат.
Жегиз, ичир мансабын талдабастан...

Жеңишчил акылман бек байлык табат,
Аскер болсо—олжону өзү алат!» (2050—56 бейттер).[и*]

---

[ж*] Ж. Баласагын, «Куттуу Билим», которгон Т. Козубеков, 79 б.
[34] Aşık Paşazâde (Tevarih-, Âl-I Osman,Стамбул, 1949, 103—104); «Бул бөлүм Осмон Газинин (Osmân Gazi) мыйзам тууралуу чечимин билдирет»
[з*] Ж. Баласагын, «Куттуу Билим», которгон Т. Козубеков, 409-410 б.
[и*] Атал. чыг., 184 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Улуг—кент (*Ulug-kent*) беги мындай дейт: «Бек бактылуу—элине берсе бакыт, Карды токто калкы да жатат чалкып» (5353—55 бейттер). Себеби «Кедейдин бар түйшүгү—карын камы, курсагы үчүн кам көрөт анын баары» (4330, 4327 бейттер).

Орхон эстеликтеринде өкүмдардын негизги милдети—кара букараны (*kara-budun*) тойгузуу, кийиндирүү жана аны байытуу. Такка отурган жаңы кагандардын эң чоң жетишкендиги болуп дайыма ушулжагдай белгиленет. Билге каган мындай дейт: «Каган болуп кедей, байкуш элди бириктирдим, кедей элди бай кылдым, аз урууну көп кылдым.» (Х.Н. Оркундун басылышы, I C 10 ). «Агам хакан (такка) отуруп түрк улутун улуу кылды, бутуна тургузду. Кедейди бай кылды, азды көп кылды» (I D 16,17). «Өлгөнү калган элди тирилтип бутуна тургуздум, жылаңач урууну кийимдүү, кедей урууну бай кылдым, аз урууну көп кылдым» (I D 29).

Мунун талааларда уруулук турмушуна жараша бир мекеме катары пайда болушу шексиз. Бектин милдети—чыныгы маанисинде калктын карынын тойгузуу мүмкүнчүлүктөрүн жаратуу. Перс тилине «хан—йи ягма» (*hân-i yagmâ*) болуп өткөн «той» (*toy*) Осмондуктарга чейин бардык түрк мамлекеттеринде ынтаа менен ишке ашырылган, баш тартууга болбой турган бир мекеме эле. Албетте, Иран мамлекет түшүнүгүнүн кеңишке кеткен жерлерде жана мезгилдерде «той» көпчүлүк учурда символикалык мааниге ээ боло баштаган. Бирок Орто Азияда маанилүүлүгүн ар дайым сактагандыгы көрүнөт. Бул мекеменин маанисин эң жакшы түшүндүргөн көрсөтмөлөрдөн бирөөнү Низамүл Мүлктүн «Саясатнамесинен»[35] табабыз: «Падышалар, эртең менен кызмат өтөөгө келгендерди жегенге бир нерсе тапсын деп (сарайда) дасторкондорду жайдыруу ишине дайыма көңүл бөлүшкөн. Эгерде биринчи келгендердин дароо тамакка отурууга ниети жок болсо, убагы келгенде тамактануулярына тоскоолдук жок. Бирок эртең менен мындай дасторкон сөзсүз жайылат. Султан Туурул (*Sultan Tuğrul*) сонун дасторкондордун жасалышы жана ар түрдүү тамак—аштын коюлушуна өзгөчө маани берер эле. Атка минип сейилге жана анчылыкка чыккан учурда керектүү түрдө тамак—аш даярдалып талаада дасторкон жайылган кезде мынчалык тамак— аштын алдында бардык улуулар жана эмирлер таң калышаар эле. Түркстан хандары, кызматчылардын жанында жана ашканада тамак—аштын мол болушун толугу менен мамлекеттик тартипке тиешелүү иш катары кабыл алышчу. Самаркандда Уз—кентте (*Uz-kent*) барганыбызда айрым сүйлөөктөрдүн айткандарынан буларды уктук: «Чигилдиктер (*Çigil*) жана Мавераннахрлыктар ар дайым мындай дейт имиш: Биз султандын келишинен кетишине чейин дасторконунан бир сындырым нанын жебедик».

Бул салтты 1330—жылдарда Ибн Баттута (*İbn Battuta*) Кастомону бектигинде мындай сүрөттөгөн: «Ар күнү дигер намаздан кийин султандын кабыл алуу бөлмөсүндө болуусу адат болчу. Ал убакта тамак—аш алып келинип, эшиктер ачылып, шаардык, көчмөн, чет элдик конок ким болбосун тамактануу үчүн отурушуна тоскоолдук

[35] Х. Даркенин (H. Darke) басылышы, 162 б.; Англис тилине котормосу Nizâm'ul-Mülk, *The Book of Government or rules for Kings*, которгон H. Darke,Лондон 1960, 127—28 б.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

кылынбайт. Ашык Пашазааданын айтуусу боюнча, (*Âşik Paşazâde*) Осмон сарайында «дигер маалында нөөмөт убагы келгенде, эл келип тамак ичет».[36] 1664–жылы Крым аскерлери падышанын ордосуна (*Orduy-i Humâyûn*) келгенде «тамак–аш даяр болду, анын көптүгүн айтууга да болбойт. Татар аскерлери тамакты талап, ал тургай султандын аскерлерине таратылды» (*"ta'âm döşenüp ni'metin hod kesreti vasfa gelmez, Tatar askeri yagmâ edüp orduy-i Hümâyûn halkına bile bezl olundu"*).[37]

Караханий мамлекетиндегидей шаар турмушун негиз кылып алган мамлекет түзүлүшүндө «Кутадгу билиг» бул мекемеге дагы кеңири маани берүүгө мажбур болгон. Чынында эле Жусуп Баласагын, калкты бай, орто чарбалуу жана кедей деп үчкө бөлөт. Өкүмдар бардык нерседен мурун букаранын камын көрүш керек, байлардын жүгү орто чарбалууларга жүктөлбөшү керек; андай учурда алардын абалдары начарлап, кедейге айланышат. Өкүмдар, кедейлердин орто чарбалууларга, орто чарбалуулардын байларга айлануусу үчүн аракет кылыш керек (5560–67 бейттер).[38] Ошентип Жусуп Баласагын, Индия жана Иран салтында калктын байлыгын казынанын байлыгы деп түшүнгөн жана калктын жыргалчылыгына кызмат кылуу керектигин жактаган ою менен түрк мамлекетинин каада–салтын бекемдеген.

Кашкарлык Махмуддун (*Kaşgarlı Mahmud*) «Дивану Лүгат–ит Түрк» (*Dîvanu Lûgât't-Türk*) аттуу чыгармасы менен «Кутадгу билиг», ислам маданиятынын ичине кирген түрк коомчулуктарында жана мамлекеттеринде Орто Азия түрк маданиятынын кантип жана кандай деңгээлге чейин улангандыгы тууралуу маселени изилдөөдө кайрылуучу эң бай булак болуп саналат. Жогоруда жалгыз гана мамлекет түшүнүгүнө токтолдук. Бул булакта коомдук мекемелер, маданий–саясий терминдер, салт жана түшүнүктөр үстүндө жасала турган салыштырмалуу изилдөөлөрдүн Осмон мамлекетинин жаралуусуна чейинки Орто Азия түрк маданиятынын улануу маселеси жөнүндө бизге кеңири өлчөмдө маалымат берерине шек жок. Рахмети Арат бул булакты илимий түрдө анализдөө аркылуу байыркы түрк эстеликтеринин чоң казынасын ачып берди.*

---

[36] 1453 ж. Стамбулдун басып алынышынан кийинки чоң той (Hân-i yagmâ) тууралуу караңыз:Evliyâ Çelebi, *Seyahatnâme*, X, 60,62

[37] Fındıklılı Mehmet, Silâhdâr Tarihi, I, жарыялаган A. Refik, Стамбул 1928, 271. Бул коомдук мекемеси болуп түрк мамлекеттериндеки бул салт тууралуу караңыз: F. Köprülü, *İslâm âmme hukukından ayrı bir Türk âmme hukuku yok mudur ?*. II. Türk Tarih Kurultayı Zabıtları, 383-518

[38] Бул маселе И. Кафесоглу (İ. Kafesoğlu) тарабынан жакшы белгиленген (Selçuklular, İA, 105, Cüz, 390)

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

## Котормочунун эскермеси

XI кылымда жазылган Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» аттуу чыгармасы көптөгөн илимпоздорду кызыктырып, ал тууралуу илимий негизде эмгектер даярдалган эле. Ошондой эле бул эмгекти изилдегендердин арасында түркиялык Проф. Док. Халил Иналжыктын эмгеги өтө маанилүү орунду ээлеп турат. «Кутадгу билигди» жалпы түрк дүйнөсүнө тааныткан бул түрк окумуштуусу аны түркчөгө которуп бизге сунган. Бул чыгарманын үстүндө Х. Иналжык көптөгөн жылдар бою жигердүү эмгектенип бир канча макала жыраялаган. Анын «Кутадгу билигде түрк, иран саясат теориясы жана салттары» аттуу макаласы кыргызчага которулбагандыктан кыргыз окумуштуулары да бул эмгектен пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алышкан эмес.

Агайым Проф. Док. Али Биринжинин бул макаланы кыргыз элине тааныталы деген сунушунан соң, макаланы которууга кириштим. Котормо учурунда түп нускадагы терминдердин, түшүнүктөрдүн маанисин эч бузбастан кыргыз тилинде берүүгө аракет жасадым. Макалада кезиккен ыр саптары 1993–жылы Москвада басылган Т. Козубектовдун («Куттуу билим») Жусуп Баласагындын чыгармасынын кыргыз тилине котормосундагы бейттер менен туура келгендиктен түздөн–түз алынды. Аларды өзгөчө белгилөө үчүн тамганын үстүнө жылдызча коюлду (а*) жана шилтемелерде бул китептеги беттер белгиленип айырмаланып берилди. Которууда текстте кезиккен адамдардын энчилүү аттары кыргызча берилип, кашаага латын тамгалары менен алардын түп нускадагы формалары жазылган. Чыгармаларды берүүдө дагы дал ушул метод сакталды. Араб жана перс тилинде берилген сөздөр жана фразалар кыргызчага которулуп кашаанын ичине түп нускасындагыдай берилди. Бул макаланы кыргыз тилине которууга сунуш кылган Проф. Док. Али Биринжиге, которууга уруксат берген макаланын автору Проф. Док. Халил Иналжык агайы–быздга, ошондой эле кыргызча котормосун текшерген Проф. Док. Салижан Жигитов, Док. Таалай Абдиев жана тарых окутуучусу Роза Абдыкуловага терең ыраазычылыгымды билдирем. Менин бул котормом түрк маданиятын, түрк элдеринин тарыхын изилдеген кыргыз илим–поздоруна жана окурмандарга аз да болсо кошумча болооруна ишенем.

Макаланы кыргыз тилине которгон
Кыргыз–Түрк «Манас» университетинин
Магистратура (тарых бөлүмү) студенти
Жылдыз Асанбаева

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com